**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК
КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ
НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК
ПРИКАЗ**

_26.01.2015-ж._№ _19_ г.Бишкек ш.

**“Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары
жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө**

Экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. 2014-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жетишилген натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп табылсын жана тиркемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу иштери жана контролдоо башкармалыгы (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2015-жылдын 30-январында боло турган Мамлекеттик салык кызматынын коллегиясынын отурумуна катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо сектору (А.Б.Дүйшеев) тиркемеге ылайык, мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Маалыматтык технологиялар башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын WEB-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары К.А.Кумашовго жүктөлсүн.

**Төрага З.Б.Осмонов**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
“_26_”_январы_ 2015-жыл, №_19_
буйругуна тиркеме

**2014-жылдын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча**
**мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Аймактык аталышы |
|---|---|---|---|
| **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | | |
| 1. | “Кант цемент заводу” Ачык акционердик коому | Никифоров Иван Всеволодович | МСКнын Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 2. | “Кум-Шагыл” Ачык акционердик коому | Попов Александр Сергеевич | МСКнын Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 3. | “Интегра Инженеринг Групп” Жоопкерчилиги чектелген коому | Аманов Бакытжан Болотбекович | МСКнын Ленин району боюнча башкармалыгы |
| 4 | «Пандж-Шер» Жоопкерчилиги чектелген коому | Ашимов Мирлан Асеинович | МСКнын Жумгал району боюнча башкармалыгы |
| 5. | «Апросах» Ачык акционердик коому | Барбалат Александр Иванович | МСКнын Жайыл району боюнча башкармалыгы |
| **Соода жана тейлөө чөйрөсүнөн** | | | |
| 6. | “Бишкек шаарынын жашылдандыруу курулушу” муниципалдык ишканасы | Атантаев Анвар Мирзагельдиевич | МСКнын Биринчи май району боюнча башкармалыгы |
| 7. | “ Фаворит Транс” Жоопкерчилиги чектелген коому | Аттокуров Сардарбек Бексултанович | МСКнын Жети-Өгүз району боюнча башкармалыгы |